# Тажикстан Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин эл аралык байланыштар боюнча департаментинин башчысы доктор Худоидодзада Фарухтун куттуктоо сөзү

Урматтуу Төрага, доктор Шамш Кассим-Лакха жана Камкорчулар Кеңешинин мүчөлөрү!
Урматтуу доктор Максим Хомяков!
Урматтуу меймандар, окутуучулар, кызматкерлер жана Борбордук Азия Университетинин (БАУ) бүтүрүүчүлөрү!

Адегенде жеке өзүмдүн жана Тажикстан Республикасынын Билим берүү жана Илим Министрлигинин атынан 2023-жылдагы бүтүрүүчүлөрдү БАУдагы окуусун ийгиликтүү аякташы менен чын дилден куттуктагым келет. Ошондой эле мындан аркы окууларында жана иштеринде зор ийгиликтерди каалайм. Кымбаттуу бүтүрүүчүлөр сиздерди куттуктайм!

Урматтуу кесиптештер!

Өзүңүздөр билгендей БАУ 2000-жылы Тажикстан Республикасынын, Казакстандын, Кыргыз Республикасынын Президенттери жана Исмаилиттердин Имаматы тарабынан кол коюлган Эл аралык Келишимге ылайык негизделген. Университеттин биринчи кампусу 2016-жылы Кыргызстандын Нарын шаарында, ал эми экинчи кампусу расмий түрдө 2018-жылдын 14-сентябрь күнү Хорог шаарында Тажикстан Республикасынын Президенти, тынчтык жана улуттук биримдиктин негиздөөчүсү, элдин лидери Эмомали Рахмон тарабынан ачылган.

Хорог кампусунун ачылыш аземинде тынчтык жана улуттук биримдиктин негиздөөчүсү, улуттун лидери Эмомали Рахмон төмөндөгүдөй баса белгилеген:

“Хорог шаарындагы Борбордук Азия Университети – бул өлкөнүн жогорку билим берүү системасындагы жаңы барактын ачылышы... Кайра түзүлгөн университеттин ишмердүүлүгү биздин өлкөнүн эле жыргалчылыгын көздөбөстөн, региондун өлкөлөрүндө да билим берүү тармагындагы кызматташууну кеңейтүүгө да кызмат кылат деп эсептейм” (цитатанын соңу).

Ошол мезгилден баштап Президент Рахмондун кеңеши аркылуу БАУ Тажикстан Республикасынын Билим берүү жана Илим Министрлиги менен өтө жемиштүү кызматташып жатканын кубануу менен баса белгилеп кетким келет. Кызматташуулардын көп сандаган багыттарынын арасында төмөндөгү ийгиликтерди белгилеп кетким келет:

1. БАУнун расмий ачылышына чейин Тажикстан Республикасынын Билим берүү жана Илим Министрлиги менен БАУнун ортосунда кызматташуу тууралуу Меморандумга кол коюлуп, университеттин окуу-усулдук ишмердүүлүгүнүн өнүгүшүнө өбөлгө болгон.
2. Математика жана так илимдерди өнүктүрүү үчүн БАУ “Таланттарды табуу жана өнүктүрүү” борбору менен кызматташып, математика, биология жана химия

боюнча Тажикстандын ар кыл аймактарындагы 370 жогорку класстын окуучулары үчүн олимпиадаларды уюштурган.

3. 2021- жана 2022-жылдардын бүтүрүүчүлөрүнүн 90%ы негизинен региондун аймактарында иштеп жатышса, ал эми кээ бири дүйнөгө белгилүү Саймон Фрейзер, Мичиган, Япониядагы Цукуба жана Альберто университеттеринде магистратура программаларына тапшырышкан.
4. Бардык студенттер өлкөнүн ар кыл мекемелеринде өндүрүштүк практикадан жана стажировкадан өтүп жатышат.
5. Тажикстанда ишмердүүлүгүн баштаган БАУнун Профессионалдык жана үзгүлтүксүз билим берүү Мектеби 2006-жылдан бери Дүйшөмбү, Бохтар, Худжанд жана Хорогдогу 7 окуу борбору аркылуу кыска мөөнөттүү окуу курстарын жана сертификациялык программаларын өткөрүп 119 698 дөн ашык угуучуларды окутуп чыгарды. Алар: англис тили, маалымат технологиялары, ишкердүүлүк, академиялык билим берүү программалары, жыгач устачылык боюнча кесиптик техникалык билим берүү, сантехника, автомеханика, жалпы курулуш иштери, электр жана тиричилик техникаларын оңдоо.
6. 2023-жылы Профессионалдык жана үзгүлтүксүз билим берүү Мектеби Худжанд шаарында өзүнүн жетинчи окуу борборун ачты жана азыркы мезгилде Кулябдагы Окуу борборун ачуу боюнча лицензия алуу күтүлүп жатат. Ошондой эле жакын арада ушундай эле билим берүү борборун Дангар шаарында ачуу да мерчемделүүдө. Бул борборлор англис тили, маалымат технологиялары (коддорду түзүү, Python, санариптик маркетингди камтыйт), ошондой эле академиялык билим берүү программалары, бухгалтердик эсеп-кысап жана башка көптөгөн базар экономикасынын керектөөлөрүнө негизделген курстарга окутат.
7. 2023-жылы БАУ Тажик мамлекеттик университети менен Жер илимдери тармагы боюнча кызматташуу боюнча Меморандумга кол коюшуп, аталган кызматташуунун алкагында иш жүрүп жатат.
8. БАУ жана Моёншо Назаршоев атындагы Хорог Мамлекеттик Университети экономикалык факультети менен геология кафедрасында бир катар изилдөөлөрдү жүргүзүштү. БАУ аталган университетте 4 геологиялык лаборатория, санариптик китепкана ачып берип, 55 окутуучуга англис тили боюнча сабактарды уюштуруп берди. Ошондой эле Интернетти жакшыртуу үчүн жабдуулар жана 800гө жакын китептер менен камсыз кылды.
9. Ар кыл изилдөө долбоорлорунун арасында БАУнун Тоолуу аймактардагы коомчулуктарды изилдөө Институту ЮСАИД тарабынан каржыланган Суу менен камсыздоо жана ага байланыштуу суунун агып чыгуусу Тажикстандын гидроэнергия өндүрүшүнө жана айыл чарбасына кандай таасирлерин тийгизип жатканын изилдөөгө багытталган долбоорду ишке киргизди. Аталган Институттун окумуштуулары Венада өткөн Жер илимдери боюнча Европалык конференцияда былтыркы жылы 2 доклад менен чыгып сүйлөштү жана 3 өнөктөш институт менен ар кыл изилдөө долбоорлорунун үстүндө бирге иш алып барышты. Алар: Куляб ботаникалык бакчасы, Памир биологиялык институту, Памир айыл чарба изилдөө борбору.

10. 2022-жылы БАУнун Мамлекеттик саясат жана башкаруу Институтунун 3 жылдык “Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү” долбоору тарабынан демөөрчүлүк кылынган Ысык-Көлдөгү жайкы мектептер аркылуу өткөрүлө турган “Инфраструктураны туруктуу өнүктүрүү” долбоору башталды. Жайкы мектепте туруктуу инфраструктураны өнүктүрүү боюнча эл аралык эксперттер, ошондой эле Борбор Азия өкмөттөрүнөн, алардын ичинде Тажикстандан да 25 өкүл катышты. Жайкы мектептин алдында окуу куралдарынын санариптик платформасы түзүлгөн жана бир катар иш-чаралар пландаштырылган.

БАУ Тажикстан Республикасынын Билим берүү жана Илим Министрлиги менен, ошондой эле Тажикстан Республикасынын башка агартуу мекемелери менен тыгыз кызматташып жатканына кубанычтамын. Бул кызматташуу келечекте өлкөнүн билим берүүсүнө маанилүү салым кошот деп ишенем. Сиздерге баардык жакшылыктарды жана ийгиликтерди каалайбыз!